DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-56-170-174
УДК: 811.111(07)

***Сегизбаева Г. Р.,*** *англис тили мугалими*
*А. Ахматов ат. №4 гимназия-мектеби*
*ORCID: 0009-0000-3045-3906*
***Калдыбаева Д. И.,*** *англис тили мугалими*
*№ 11 гимназия-мектеби*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# АНГЛИС ТИЛ САБАГЫНЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮН КӨТӨРҮҮНҮН КУРАЛЫ КАТАРЫ ДОЛБООРДУК УСУЛДУ КОЛДОНУУ

*Мектептин окуу программасынын системасына инновациялык усулдарды, айрыкча долбоор усулун киргизүү заманбап педагогикалык ишмердүүлүктүн приоритеттүү багыттарынын бири болуп эсептелинет. Чет тилдерин, айрыкча англис тилин, окутууда бул усулду колдонуу менен, мугалим жаңы окуу материалын өздөштүрүүдө жагымдуу мотивацияны жана окуучулардын чыгармачыл, интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн, окууга болгон кызыгуусун арттырууда шарттарды түзө алат. Долбоордук усулду изилдөөнүн пайдасына анын универсалдуулугу, инсанга багытталган педагогиканын идеясын ишке ашырууга багытталгандыгы жана бул усулду окутуунун бардык этабында жана ар кандай тааталдыктагы материалды окутууда колдонуу мүмкүнчүлүгү кирет.*

***Негизги сөздөр***: *долбоор, долбоордук усул, долбоор методологиясы, долбоордук ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, билим берүү, мотивация, мугалим.*

***Сегизбаева Г. Р.,*** *учитель англ. яз.*
*школы-гимназии № 4 им. Абита Ахматова*

*ORCID: 0009-0000-3045-3906*
***Калдыбаева Д. И.**, учитель англ. яз.*
*школы-гимназии № 11*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПРОЕКТНОГО МЕТОДА КАК СПОСОБ ПОВЫШЕНИЯ ЭФФЕКТИВНОСТИ УРОКОВ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

*Введение в школьную программу систем инновационных методик, в особенности проектного метода является приоритетным направлением в современной педагогической деятельности. В обучении иностранного языка, в частности английского языка, применение этой методики позволяет учителю построить благоприятную мотивацию в освоении нового учебного материала и позволит создать условия для повышения мотивации учеников для учебы и повышения интеллектуальных, креативных способностей учащихся. В пользу исследования проектной методики говорит его универсальность, его направленность на осуществление идеи личностно-ориентированной педагогики и возможность использовать эту методику во всех этабах обучения и обучения материала разной сложности.*

***Ключевые слова:** проект, проектный метод, проектная методика, проектная деятельность, компетентность, образование, мотивация, учитель.*

***Segizbaeva G. R.**, english teacher*
*of gymnasium-school № 4 named after Abit Akhmatov*
*ORCID: 0009-0000-3045-3906*
***Kaldybayeva D. I.** english teacher*
*of gymnasium-school №11*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## PROJECT METHOD AS A MEANS OF IMPROVING EFFECTIVENESS OF THE ENGLISH LESSON

*Introduction of innovative methods, in particular of the project method, into school curriculum is a priority area of modern pedagogical activity. Implementing this activity in the teaching process, a teacher will be able to form positive motivation for studying new educational material, to create favorable conditions for the disclosure of creative and intellectual abilities of students and to develop their cognitive interests. The benefits of project method research include its universality, its orientation to the implementation of the idea of person-oriented pedagogy, and the possibility of using this method at all stages of education and in teaching material of different complexity.*

***Keywords:** project, project methodology, project method, project activity, competence, education, motivation, teacher.*

Билим берүү системасына жаңы билим берүү стандарттарын киргизүү менен, окуучулардын өнүктүрүүчү потенциалын ишке ашыруу өзгөчө милдетти талап кылат. Белгилүү бир предметтерди салттуу түрдө түшүндүрүү менен биргеликте билим берүүнүн фундаменталдык өзгүнүн психологиялык тутумун түзгөн универсалдуу окуу ишмердүүлүгүн түзүү актуалдуу көйгөй болуп саналат.

Заманбап мектеп системасын модернизациялоонун эң маанилүү багыттарынын бири болуп чет тилдерди окутуу саналат. Коомго чет тилдерде эркин сүйлөй ала турган адистер керек, ал эми анын пайдубалы мектепте түзөлөт. Ошондуктан чет тил мугалиминин эң негизги милдети болуп тилди үйрөнүүгө болгон мотивацияны түзүү жана инсан аралык баарлашуунун коммуникативдүү компеттенттүүлүгүн өркүндөтүү болуп саналат.

Демек, бул изилдөөнүн актуалдуулугу төмөнкүлөр: окуучулардын маданият аралык баарлашуусуна жана чет тилдерди өздөштүрүүсүнө талаптардын күчөшү; чет тилди окутуунун эффективдүү усулдарын издөөгө, маданият аралык баарлашууга болгон кызыгуунун күчөшү; окуучулардын окууга болгон жөндөмдүүлүгүн, өзүн-өзү өнүктүрүүнү, өркүндөтүүнү камсыз кылуучу универсалдуу окуу иш-аракеттерди түзүүнүн зарылчылыгы саналат.

Предметти окууга болгон мотивацияны жогорулатуунун бирден-бир ыкмасы болуп жаңы актуалдуу усулдарды колдонуу саналат. Долбоордук усул – максаты болгон билимди интеграциялоо гана эмес, жаны билимди өз алдынча иштөө аркылуу ала алган педагогикалык технология.

Долбоордук усул күндөн күнгө заманбап жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу процессинде маанилүү орун ээлөөдө. Дидактикалык көз караштан алганда, бул усул – белгилүү бир эреже, мыйзамдарга баш ийген абдан оор процесс, ошондуктан окуу процессинде долбоордук усулду колдонуу системасын иштеп чыгу эң керектүү болуп саналат.

Долбоордук усулду колдонуу менен окутуунун актуалдуулугу, заманбап билим берүүнүн приоритети универсалдуу окуу иш-аракеттерди түзүү менен байланышкан. Бул иш-аракеттерди өнүктүрүүнүн деңгээли, биринчи иретте, билим берүүнүн сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуунун милдеттерин чечүүгө түрткү болот жана окутуунун ийгилигин болжолдойт, анткени ийгилик окуган материалдын көлөмү менен гана эмес, окуган материалды практикада колдонуунун сапаты менен өлчөнөт.

Долбоордук усул теманы тандоодо, аны айтып берүүдө жана презентациялоодо колдонгон жолду тандоодо, маалымат булагын издөөдө болгон өз алдынчалыкты колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Ал болсо кругозордун жана тил билиминин кеңейишине түртү берет, билим алуунун жекечелигинин принциптерине жана жаңы билим берүүнүн стандарттарына жооп берет. Окуучулардын өз алдынча ишине таянган аталып жаткан усул менен иш алып барууда, окуучулар билим берүү процесинин активдүү катышуучулары болушат жана өзүлөрүнүн жыйынтыктары үчүн өздүк жоопкерчилик ала алышат.

Долбоордук усул эң чоң тарбиялык мааниге дагы ээ, анткени окууга болгон кызыгууну арттырат, окуучуну окуу ишмердүүлүгүнүн субъектиси катары жана өзүнүн маданиятынын субъектиси катары маданият аралык баарлашууда чет тилинде маданиятын жогорку деңгээлде тааныштыра алат. Долбоордук технологияны колдонуп өтүлгөн сабактар усулдардын жана ар кандай формалардын көп түрдүүлүгүн камтыйт. Мисалы: проблемалык окутуу, изилдөчүлүк ишмердүүлүк, дисциплиналар аралык жана предметтин ичиндеги байланыштар, шилтеме сигналдар.

Мугалимдин ролу окуучуларды долбоорго даярдоо, ишти пландоого жардам берүү, долбоорду ишке ашырууда окуучуларга консультация берүү болуп саналат. Сабактын эффективдүүлүгү ушул этаптарды туура уюштуруудан көз каранды.

Мотивациялык этапта мугалим окуучуларды кырдаалга киргизет, ал кырдаалда окуучулар долбоордук ишмердүүлүгүн долбоорунун идеясын түшүндүрүү жана шыктандырган маанай түзүү менен баштайт.

Даярдоо (пландоо) этабында мугалим окуучуларга тема жана аны ишке ашыруунун жолдорун берет, милдеттерди жана максаттарды коюу жүргүзүлөт.

Долбоордун маалымат-операциялык этабында сабактан тышкары тандаган тема же иш-чара боюнча маалыматты өз алдынча издөө жүргүзүлөт. Керектүү адабиятты, Интернет булактарын колдонуу менен окуучулар долбоорду ишке ашыруу үчүн ар кандай маалыматты издешет.

Долбоорду практикалык этапта ишке ашырууда, окуучулар теориялык материалды системалаштырышат, долбоорду түзүшөт. Эгерде окуучуларда суроолор туулса, мугалим кийлигишсе болот.

Жыйынтыктоочу (оңдоо-көзөмөлдөө) этабында мугалим аудиторияны презентацияга, көргөзмөгө даярдоо керек (плакаттарды илүүгө, презентация кылууга орун бошотуп, иретти ойлонуу керек). Ошондой эле окуучуларды шыктандыруучу маанайды тузүү үчүн саламдашуу сөз менен баштоо керек. Андан тышкары, иш-чара стимул берүүчү оң маанай түзүүчү мүнөздө болуусу үчүн, баалоо ишмердүүлүгү лексикалык жана грамматикалык каталарды оңдоону камтыш керек, бирок ал каталар долбоордун жыйынтыктоочу баасына таасир кылбашы керек. Жыйынтыкты сүрөткө чогуу түшүү, белек берүү жана талкуулоо менен чыгарса болот.

Англис тилин окутууда долбоордук усул окуучуларга англис тилин реалдуу күнүмдүк жашоонун жагдайларында колдонууга мүмкүнчүлүк берет, ал болсо чет тилдерди жакшыраак өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Англис тилин окутууда коммуникативдик компетентүүлүктү эң негизги компетенттүүлүк деп айтуу керек. Бул компетентүүлүктү түзүүдө сабакты шарттуу-коммуникаивдик жана коммуникативдик көнүгүүлөр менен гана толтуруу жетишсиз. Окуучуларга ойлонууга, ойлорго алып келүүчү маселерди чечүүгө жана ал маселелерди чечүүдө англисче ойлонууга мүмкүнчүлүк берүү керек. Бул жагдайда англис тили өзүнүн түздөн-түз функциясы – ойду түзүүчү – катары иштейт.

Долбоордо катышып жаткан окуучунун ийгиликтүүсүн алган билими, билгичтиги аркылуу жана ошондой эле анын инсан катары болгон өзгөрүүлөрү боюнча: карым-катнаштык, жашоого болгон позициясынын системасында баалоого болот. Долбоордук ишти аткарууда ар бир окуучу тил жагынан абдан начар болсо дагы, психологиялык жактан активдүү болсо, өзүнүн фантазиясын, креативдүүлүгүн, активдүүлүгүн жана өз алдынчалууулугун көрсөтө алат.

Чет тилдерди окутуунун практикасында окутуунун бардык этаптарында заманбап мектепте бир сабакка арналган мини-долбоорлорду гана эмес, бир чейрек же окуу жылын талап кылган чоң долбоорлорду дагы колдонсо болот. Долбоорлор индивидуалдуу (мисалы: коллаж же альбом “About myself”, “My best friend”, “My favourite season” ж.б) же тайпалык (“Our native town”, “Our school”, “School uniform”, “School subjects”) болушу мүмкүн. Азыркы учурда Кыргызстандын көпчүлүк мектептеринин 3-классынан 10-классына чейин окутулуп жаткан, О. Р. Балута, Ч. А. Абдышевалардын авторлугундагы “Англис тили” окуу китебинде 6-класстан баштап долбоордук иштер каралган. Мисалы, 6-классынын окуу китебинин 7B Unit бир сабактын планын мисал катары карап көрсөк:

Project work: “Traditional clothes in Kyrgyzstan”.

The objectives of the project: SWBAT

1)learn to collaborate with other students by making a poster about traditional clothes in Kyrgyzstan.

2) Improve speaking skill by retelling the traditional clothes.

3) Stimulate the creativity and imagination of the students by making colourful posters.

Steps: 1. Divide into groups of 4-5.

2. Give clear instructions:

1. Research materials, surf the internet or ask your parents some information (2 days).

- The history of the item of clothing;
- What is symbolizes;

• Some interesting facts or legends about the item of clothing;

2. Discuss your ideas, write down the information on a poster and include some pictures to make poster more interesting and colorful (2 days).

3. Divide the speech, who tells the beginning, the middle and the end. Try to retell interesting facts. (2days).

4. Organize a gallery of your works in the classroom.

5. Present your poster, answer the questions.

Окуучулар долбордук ишмердүүлүк менен иштөөдө белгилүү бир тилдик жөндөмдөргө ээ болбостон, өзүлөрүн жана башкаларды, өзүлөрүнүн жана классташтарынын иштерин көрүп баалоого үйрөнүшөт жана бул аларга өзүлөрүнүн тилди үйрөнүүнүн жолун табуу, кайтарым байланышты жасоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болууга, башкача айтканда, өзүнүн тилдик ишмердүүлүгүн баалоону түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Ошентип, окутуунун заманбап этабында белгилүү бир билим жана билгичтикке ээ болууга мүмкүнчүлүк берген маселелерди чечүүгө болгон кызыгууну стимулдаштырууну улантуу керек, окуучуларда бир же бир нече маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берген керектүү билгичтиктерди өркүндөтүү, алган билимин практикада колдонуу керек деп эсептейбиз. Долбоордук усулду изилдөөнүн пайдасына анын универсалдуулугу, инсанга багытталган педагогиканын идеясын ишке ашырууга багытталгандыгы жана бул усулду окутуунун бардык этабында жана ар кандай тааталдыктагы материалды окутууда колдонуу мүмкүнчүлүгү кирет.

**Адабияттар:**

1. Пахомова, Н. Ю. Метод учебного проекта в образовательном учреждении [Текст] / Н. Ю. Пахомова. - М.: Аркти, 2013. - С.112.

2. Борисова, Л. С. Проектирование как эффективное средство развития и воспитания на уроках английского языка [Текст] / Л. С. Борисова // Иностранные языки в школе. - 2012. - №5. - С.28.

3. Тупикова, С. Е. Исследовательско-проектная деятельность как эффективная форма обучения иностранным языкам в школе [Текст] / С. Е. Тупикова, Д. И. Сахаутдинова // Организация самостоятельной работы студентов по иностранным языкам. Сборник научно-методических статей преподаватедей иностанных языков вузов России. - Саратов, 2018. - С. 236-240

4. Кочергина, С. А. Метод проектов как оптимальная технология формирования универсальных учебных действий на уроках английского языка. URL: https//glingva.ru/teachers/media/lessons/302/6630/

5. Project-Based Learning in the English Language https://encyclopedia.pub/entry/45737

6. Балута, О. Р. Англис тили [Текст] / О. Р. Балута, Ч. А. Абдышева. - Бишкек, 2018.